КР ББИМ БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН БААЛОО ЖАНА МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН УЛУТТУК БОРБОРУ
НАЦИОНАЛЬНЫЙ ЦЕНТР ОЦЕНКИ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ МОН КР

**ФИЗИКА** **10 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН** **ВАРИАНТ 4**

**Тест тапшырмалардын жалпы саны – 10**
**1-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны - 8**

*Бул бөлүм* ***4 жооптун ичинен 1 гана туура жоопту*** *белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилет. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Сиз тандаган жоопту тегеректеп белгилеңиз.*

**№ 1.** Эгерде жалпак конденсатордун ичиндеги электр талаасынын чыңалышын 2 эсеге азайтсак, анда конденсатордун энергиясы кандай өзгөрөт?
а) 2 эсе чоңоет б) 4 эсе азаят
в) 2 эсе азаят г) 4 эсе чоңоет

**№ 2.** Электр талаасынын бир тектүүлүк шарттын аныкта.
а) $E = 0$ б) $E \geq const.$
в) $E \neq const.$ г) $E = const.$

**№ 3.** Электр чынжыры ички каршылыгы 2 Ом ток булагынан, каршылыгы 12 Ом керектөөчүдөн. Ток булагынын э.к.к канчага барабар? Чынжырдагы ток күчү 6 А.
а) 72 В б) 84 В в) 12 В г) 60 В

**№ 4.** Эки чекиттик $6{\cdot}10^{-9}$ Кл жана – $5{\cdot}10^{-9}$ Кл болгон заряддардын ортосундагы аралык 20 см барабар. Заряддарды бириктирген кесиндинини ортосундагы электр талаасынын чыңалышын тапкыла.
а) $5\ 10^{3}$ б) $9{,}9{\cdot}10^{3}$ в) $10^{3}$ г) $5\ 10^{4}$

**№ 5.** 700 В потенциалына чейин заряддалган шарчанын зарядынын беттик тыгыздыгы 350 нКл/м$^2$ барабар. Бул шарчанын радиусун тапкыла.
Жообун мм менен бергиле.
а) 17,7 б) 12,1 в) 8,2 г) 21,1

**№ 6.** Конденсатордун обкладкаларынын ортосундагы мейкиндик диэлектрик менен толтурулган. Бул учурда сыйымдуулук… барабар (мында $C_0$- диэлектриги жок конденсатордун сыйымдуулугу)
а) $C = (1+ \varepsilon) \cdot C_0$ б) $C = \varepsilon \cdot C_0$
в) $C = C_0/(1+ \varepsilon)$ г) $C = C_0/\varepsilon$

**№ 7.** Узундугу 200 м жана диаметри 4 мм болгон алюминий өткөргүчүндө токтун күчү 1 А барабар болсо, өткөргүчтөгү потенциалдын төмөндөшүн тапкыла (алюминийдин салыштырма каршылыгы $\rho = 2{,}5{\cdot}10^{-8}$ Ом·м).
а) 1,6 б) 0,4 в) 1,2 г) 0,8

**№ 8.** Сүрөттө көрсөтүлгөндөй чоңдугу 1 Ом болгон үч каршылыкты туташтырсак, анда A жана D точкалардын ортосундагы каршылыкты тап.




а) 1,3 Ом б) 2,4 Ом в) 3,3 Ом г) 0,33 Ом

**2, 3-бөлүмдөрдө тест тапшырмалар жок.**

**4-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны -2**

*Бул бөлүм* ***кыска жооптуу*** *тапшырмалардан турат. Жообу – 0 дон 9999га чейинки бүтүн сан. Жоопту атайын берилген чакмактарга (бир чакмакка бир гана сан) жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүнгө чейин тегеректегиле.*

**№ 4.1.** Электр чынжыры ток булагынын ички каршылыгы 2 Ом, керектөөчүнүн каршылыгы 12 Ом турат. Чынжырдагы ток күчү 6 А. Ток булагынын Э.К.К. эмнеге барабар?

**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**№ 4.2.** Сүрөттөгү схемада чынжырдагы токтун күчү I=0,5 А. Ички каршылыгы 1 Ом болгон элементтин электр кыймылдаткыч күчү ε = 5 В. Эгерде каршылыктар $R_2$=$R_3$=10 Ом го барабар болсо, анда $R_1$ каршылыгынын чоңдугун тапкыла.




**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Баалоо критерийи:**
**1. №1-№ 8 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 1 балл берилет;
**2. №4.1, №4.2 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 2 балл берилет. Жалпы -12 балл.
**3. Таблица** боюнча баллдарды “баага” айландырабыз:

| **Баа** | "2" | "3" | "4" | "5" |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптор баал менен** | 0-4 баал | 5-7 баал | 8-9 баал | 10-12 баал |